**Содиков Нозимжон Махмадаминовичтин «Мевлана Желаледдин Руминин мурастарындагы педагогикалык идеялар жана аларды азыркы мектеп окуучуларын тарбиялоодо колдонуу мүмкүнчүлүктөрү» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына расмий оппоненттин**

**ПИКИРИ**

1. **Диссертациялык изилдөөнүн максаты:** Желаледдин Руминин педагогикалык ойлорун изилдеп, аларды мектептердин окуу-тарбия процессинде колдонуунун педагогикалык негиздерин иштеп чыгуу.

2. Коюлган максаттарды чечүү үчүн төмөнкүдөй **милдеттер** белгиленген:

1. Мевлана Желаледдин Руминин дүйнөлүк маданияттагы аалымдык жана агартуучулук ролун ачып көрсөтүү.

2. Мевлана Желаледдин Руминин мурастарындагы педагогикалык идеялардын табиятын жана негизги багыттарын аныктоо.

3. Мевлана Желаледдин Руминин мурастарын азыркы муунду тарбиялоодо колдонуунун теориялык негиздерин аныктоо.

4. Мевлана Желаледдин Руминин педагогикалык идеяларын мектептерде пайдалануунун натыйжалуу жолдорун иштеп чыгуу.

3. **Изилдөөнүн объекти**: Мевлана Желаледдин Руминин педагогикалык мурастары.

4. **Изилдөөнүн предмети**: Мевлана Желаледдин Руминин мурастарында колдонулган таалим-тарбия берүүчү идеялар жана аларды азыркы жаштарды тарбиялоого колдонуунун мүмкүнчүлүктөрү.

Бул объект жана предмет 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистигинин талаптарына туура келет.

**5. Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Мевлананын педагогикалык идеяларынын жеткиликтүү изилденбегендиги, анын чыгармаларына жылдан-жылга кызыгуунун басаңдабай, кайра улам жогорулап жатышы, кыргыз илиминде бул маселе изилденбей келиши, аалам кезген ойчул менен кыргыз этнопедагогдорунун идеяларынын жакындыктары талдоого алынбай жатышы, Руминин таалим-тарбия тууралуу кылымдардын сыноосунан өткөн насааттарынын бүгүнкү Кыргызстандын билим берүү мейкиндигинде колдонулбай келиши, айрым педагогдор тарабынан системасыз колдонулуп жатса да, алардын илимий иликтөөгө алынбагандыгы, жогорку окуу жайларындагы «Чыгыш адабияты» курсунда анын чыгармачылыгы тууралуу маалыматтар берилсе да, анын педагогикалык ойлорунун дүйнөлүк масштаб менен интегарацияланып кыргыз илиминде тарыхый педагогикалык аспектиден Кыргыз Республикасынын мисалында баа берилбегендиги теманын актуалдуулугун тастыктайт.

6. **Изилденип жаткан проблема боюнча илимий адабияттарга жана социалдык-педагогикалык тажрыйбаларга жүргүзүлгөн анализ** кыргыз педагогикасында алгачкы жолу дүйнөлүк ири педагог-ойчул, гуманист, акын Мевлана Желаледдин Руминин дүйнөлүк маданияттагы аалымдык жана агартуучулук ролу, азыркы замандын талабына ылайык жаштарды тарбиялоо тууралуу ойлорунун актуалдуулугу, негизги багыттары, Кыргызстандын шартында пайдалануунун жолдорунун аныкталышы Мевлананын чыгармаларынын педагогикалык баалуулуктарын дидактикалык негиздерин колдонуу жолдорунун изилдегендиги; кыргыз элдик педагогикасынын салттары, улуттук

педагогикалык маданият менен Мевлананын педагогикалык ойлору типологиялык жактан байланыштырылгандыгы; Мевлананын педагогикалык ойлору жалпы адамзаттык педагогика менен салыштырылып, дүйнө жүзүндө анын пикирлеринин кабыл алынышы аныкталып, талданып, анын прогрессивдүү жактарын Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарына сунушталгандыгы менен түшүндүрүлөт.

7. **Диссертациянын илимий натыйжалары** кыргыз педагогикасында алгачкы жолу Мевлана Желаледдин Руминин дүйнөлүк маданияттагы аалымдык жана агартуучулук ролу, азыркы замандын талабына ылайык жаштарды тарбиялоо тууралуу ойлорунун актуалдуулугу далилденип, негизги багыттары, Кыргызстандын шартында пайдалануунун жолдоруну аныкталган; Мевлананын чыгармаларынын педагогикалык баалуулуктарын колдонуунун жолдору изилденген; кыргыз элдик педагогикасынын салттары, улуттук педагогикалык маданият менен Мевлананын педагогикалык ойлору типологиялык жактан байланышы аныкталган; Мевлананын педагогикалык ойлору жалпы адамзаттык педагогика менен салыштырылып, дүйнө жүзүндө анын пикирлеринин кабыл алынышы аныкталып, талданып, анын прогрессивдүү жактарын Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарына сунушталган.

8. **Изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык баалуулугу.** Изилдөөдөн келип чыккан ойлор, тыянактар, сунуштар жалпы билим берүүчү мектептерде дүйнөлүк педагог-философдордун идеяларынын негизинде окутуу-тарбиялоо проблемасын өркүндөтүүгө, өрнөктүү адамдардын идеалы менен жаштарды тарбиялоого салым кошот. Изилдөө ишинин материалдары жалпы билим берүүчү орто мектептерде, гимназияларда, лицейлерде, колледждерде, жогорку окуу жайларында,

тарбиячыларды жана мугалимдерди кайра даярдоо, алардын адистигин жогорулатуу тармактарында окутулуучу курстардын, лекциялардын, семинарлардын сапатын өркүндөтүүдө, кошумча тарбиялык сааттарда дидактикалык булак катары колдонууга жана жалпы эле тарбиялоо тармагын жакшыртууда көмөк көрсөтөт деп тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет.

**8. Диссертациянын негизги жоболорун, натыйжаларын жана тыянактарын жарыяланышы жана жана аларды балдык өлчөмү.**

Диссертациянын негизги жыйынтыктары төмөнкү эмгектерде жарыяланган жана аларга 150 балл берүүгө болот.

**Диссертациянын негизги мазмуну, жоболору төмөнкү эмгектерде чагылдырылган:**

1. **Содиков, Н**. Месневиден тандалган аңгемелер [Текст] / Түзгөн, которгон жана баш сөзүн жазгандар: С. Идирисов, Н. Содиков. – Бишкек. – 2012. – 184 б.

2. **Содиков, Н**. Ж.Мевлананын «Месневи» китебиндеги педагогикалык ойлор [Текст] / Н. Содиков // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – Бишкек, 2013. – №1. – 162-164-бб.

3. **Содиков, Н.** Мевлана Желаледдин Руминин айкөлдүк тууралуу асыл ойлору [Текст] / Н. Содиков // Эл агартуу. – 2013. – №7-8. – 40-43-бб.

4. **Содиков, Н**. Мевланада дуализм // китепте: Мевлана Желалиддин Руми жана дүйнөлүк цивилизация: макалалар топтом / Түз. А. Муратов, Ж. Борочоров // [Текст] / Н. Содиков, А. Бейшеналиев. – Бишкек, 2013. – 16-17-бб.

5. **Содиков, Н.** Мевлана жана анын «Месневи» китебиндеги чыгармалардын психо-педагогикалык баалуулуктары [Текст] / Н. Содиков // КББАнын Кабарлары. – Бишкек, 2013. –№4. – 110-115-бб.

6. **Содиков, Н.** Педагогическое значение мыслей Мевланы в воспинии молодежи [Текст] / Н. Содиков // Вестник Таджикского государственного

педагогического университета имени Садриддина Айни. – Душанбе, 2014. – №1 (56-2). – С. 272-275.

7. **Содиков, Н**. Мевлананын адам тууралуу философялык-педагогикалык көз караштарынын гуманисттик маңызы [Текст] / Н. Содиков // Ж. Баласагын атындагы улуттук университеттин Жарчысы. – Бишкек, 2014. – №1. – 228-232-бб.

8. **Содиков, Н.** Мевлананын философиясында адам тууралуу гуманисттик көз караштар [Текст] / Н. Содиков // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, 2015. – №7. – 98-101-бб.

9. **Содиков, Н.** Шамс жана Мевлана [Текст] / Н.Содиков // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, 2015. – 115-118 бб.

10. **Содиков, Н.** STATUS OF HIGHER EDUCATION IN CENTRAL ASIAN COUNTRIES IN POST-SOVIET PERIOD [Текст] / Н. Содиков, А. Бейшеналиев http://www.press.uillinois.edu/journals/jef/jefsubmissions.html Pembroke University Oxford Research Symposium December 7, 2015, Journal of Education Finance, Чикаго АКШ, Март 2016.

11. **Содиков, Н.** Реформы в системе высшего образования Кыргызстана в постсоветской период [Текст] / С. Калдыбаев, Н. Содиков // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. – Бишкек, 2016. – №1. – С. 168-171.

12. **Содиков, Н.** Интерактивное обучение как средство активизации учебной деятельности учащихся школ [Текст] / Н. Содиков, О. Огуз. – Уфа. – 2016. http:PS – vtu./ conference.

**9.** Диссертациялык иштин жүрүшү жана жыйынтыктары И. Арабаев атындагы КМУнун педагогика кафедрасынын кеңешмесинде, мектептердин усулдук кеңешмелеринде, илимий-практикалык, илимий-методикалык конференцияларда, семинарларда талкууланып турган.

Диссертациялык изилдөөнүн натыйжаларын жарыяланган эмгектер аркылуу чагылдыруунун толуктугу изилдөөнүн негизги идеяларын

чагылдыруу үчүн изденүүчү 1 китеп, 11 макала жарыялагандыгы менен тастыкталат.

**10. Автореферттын мазмунунун диссертациянын мазмунуна дал келиши.**

Изденүүчү Содиков Нозимжон Махмадаминовичтин «Мевлана Желаледдин Руминин мурастарындагы педагогикалык идеялар жана аларды азыркы мектеп окуучуларын тарбиялоодо колдонуу мүмкүнчүлүктөрү» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши бардык компоненттери боюнча автореферттын мазмунуна негизинен дал келет. Автореферттын окшош түзүлгөн кыргыз, орус жана англис тилдериндеги резюмеси бар.

**11. Диссертациядагы төмөнкүдөй айрым мүчүлүштүктөрдү белгилөөнү туура таптык:**

1. Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын Жобосуна ылайыктуу талап кылынучу киришүү бөлүгүндө изилдөөнүн карама-каршылыктары көрсөтүлгөн эмес.

2. Желаледдин Руминин педагогикалык мурастарын азыркы Кыргызстандын билим берүү мекемелеринде колдонуунун негизги багыттары, ал идеяларды ишке ашыруунун дүйнөлүк тажрыйбасын пайдалануунун мүмкүнчүлүктөрү жана аларды айкалыштырып колдонуунун технологиялары кеңири ачыкталса жакшы болмок.

3. Диссертациянын 10-бетинде алгачкы жолу Чыгыш ойчулу Руминин педагогикалык идеялары кыргыз эл педагогикасы менен бирдикте аныкталып, ал идеяларды Кыргызстандын билим берүү тармактарында колдонуунун педагогикалык шарттары иштелип чыгуу изденүүчүнүн илимге кошкон жеке салымы катары белгиленгени менен,

ал шарттар диссертацияда конкреттүү көрсөтүлбөгөн эместигин белгилейбиз.

**12. Диссертациялык иштин Кыргыз Республикасынын «Илимий даражаларды ыйгаруунун тартиби боюнча жобонун» талаптарына туура келиши.**

Содиков Нозимжон Махмадаминовичтин «Мевлана Желаледдин Руминин мурастарындагы педагогикалык идеялар жана аларды азыркы мектеп окуучуларын тарбиялоодо колдонуу мүмкүнчүлүктөрү» аттуу темадагы изилдөөсү Кыргыз Республикасынын ЖАКтын 10 п. кандидаттык даражаны изденип алуу үчүн жазылуучу диссертацияга коюлган талаптарга туура келет, ал эми изилденүүчү 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ болууга толук татыктуу.

**Расмий оппонент:**
**педагогика илиминин кандидаты,**
**доцент:** **Джумагулова Гульнура Алпочоевна**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ
00702199610135

Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Г.А. Джумагулованын колун тастыктайм:

КОЛУ ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
КАДРЛАР БӨЛҮМҮНҮН БАШКАРМАСЫ
НАЧАЛЬНИК ОТДЕЛА КАДРОВ
27.08.2018.

**Содиков Нозимджон Махмадаминовичтин «Мевлана Желаледдин Руминин мурастарындагы педагогикалык идеялар жана аларды азыркы мектеп окуучуларын тарбиялоодо колдонуу мүмкүнчүлүктөрү»** аттуу темадагы диссертациясын эксперттик баалоонун

**чен-өлчөмдөрү**

| № | Баалоонун негизги чен-өлчөмдөрү | Баллдардын саны |
|---|---|---|
| I | **Актуалдуулуктун чен-өлчөмдөрү** | |
| 1. | Изилдөө проблемаларынын иликтенгендиги | 4 |
| 2. | Тандалып алынган теманын актуалдуулугунун негизделиши | 4 |
| 3. | Иштелмелерге жасалган мамиленин артыкчылыктары | 4 |
| 4. | Автордук жумушчу божомолдун логикалуулугу | 4 |
| 5. | Максаттын жана милдеттин баяндалышы жана өз ара | 4 |
| | **Баллдардын суммасы** | 20 |
| | **Орточо балл** | 4,0 |
| II | **Жаңылыктардын чен-өлчөмдөрү** | |
| 1. | Изилдөөнүн принциптуу жаңылыгы | 5 |
| 2. | Илимий-усулдук мамиленин жаңы экендиги | 4 |
| 3. | Көтөрүлгөн негизги жоромолду типтештирүү | 4 |
| | **Баллдардын суммасы** | 13 |
| | **Орточо балл** | 4,3 |
| III | **Сапаттын жана деңгээлдин чен-өлчөмдөрү** | |
| 1. | Изилдөөнүн уюштурулушу жана методологиясы | 4 |
| 2. | Илимий теориялык ресурстары | 4 |
| 3. | Изилдөөнүн илимий колдонуучулук ресурстары | 4 |
| 4. | Материалдарды иштеп чыгуунун негиздүүлүгү | 5 |
| 5. | Теориялык натыйжа (фундаменталдуулугу) | 4 |
| 6. | Натыйжалардын практикадагы зарылдыгы | 5 |
| 7. | Максаттын жана милдеттин ишке ашырылыш деңгээли | 4 |
| | **Баллдардын суммасы** | 30 |
| | **Орточо балл** | 4,3 |
| IV | **Апробациялангандыктын чен-өлчөмдөрү** | |
| 1. | Публикациянын толуктугу, деңгээли жана географиясы | 5 |
| 2. | Ачык апробациялоонун толуктугу жана географиясы | 4 |
| 3. | Белгиленген муктаждыкты канааттандыруу деңгээли | 4 |
| 4. | Изилдөөгө жеке салым | 4 |
| | **Баллдардын суммасы** | 17 |
| | **Орточо балл** | 4,25 |
| V | **Жол-жоболоштуруу сапатынын чен-өлчөмдөрү** | |
| 1. | Диссертацияны жол-жоболоштуруунун сапаты | 4 |
| 2. | Авторефератты жол-жоболоштуруунун сапаты | 4 |
| | **Баллдардын суммасы** | 8 |
| | **Орточо балл** | 4,0 |
| VI | **Диссертацияны «өткөрүүнүн» чен-өлчөмдөрү** | |
| 1. | Коргоо алдындагы жол-жоболордун шайкештиги | 5 |
| 2. | Коргоо жол-жоборунун шайкештиги | 4 |
| | **Баллдардын суммасы** | 9 |
| | **Орточо балл** | 4,5 |
| | **Баллдардын жалпы суммасы** | 97 |
| | **Орточо балл** | 4,2 |

**Расмий оппонент: п.и.к., доцент** **Джумагулова Г.А.**

Г.А. Джумагулованын колун тастыктаймын
Кадрлар бөлүмүнүн башчысы

КОЛУ ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ
КАДРЛАР БӨЛҮМҮНҮН БАШКАРМАСЫ
НАЧАЛЬНИК ОТДЕЛА КАДРОВ
27.08.2018